Беларус Республикасынын аймагында оор кылмыштарды жасагандыгы vчvн Интерпол тарабынан издоого жарыяланган Кыргыз Республикасынын жараны Анапияев Алмамбет Маматалиевичтин олтvрvлгондvгv жонvндо фактыларга, ошондой эле бул кылмыш иши боюнча кармалган КРнын жараны Гvлжигит Абилазизовдун корсотмолорvно байланыштуу, Бакиев Жаныбек Салиевичти жана башка издоодогv адамдарды кармоо жана экстрадициялоо маселеси боюнча Беларус Республикасынын расмий органдарынын позициясына карата КРнын ТИМги озvнvн терен тынчсыздануусун жана тvшvнбостvгvн дагы бир ирет билдирет. Мындан мурун КРнын компетенттvv органдары жарандык, vй-бvлолvк кылмыш иштери жана башка эл аралык келишимдер боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жонvндо Конвенцияга ылайык, Беларус тарабы озvно алган милдеттерин ишке ашыруу керектиги жонvндо отvнvч менен Беларус Республикасынын мамлекеттик органдарына бир нече жолу кайрылып келген. Жогоруда айтылып кеткен Конвенцияга ылайык, "тараптар кылмыш жасаган адамдарды издоого, аларды кылмыш жоопкерчилигине тартуу жана аларга карата тиешелvv окvм жазасын аткаруу багытында жардам берvvго милдеттvv".

Кыргыз Республикасынын аймагында озгочо оор кылмыштары vчvн сот тарабынан жазаланган Ж.Бакиев жана башка анын айланасындагы адамдар эл аралык издоодо жvргондvгvно карабастан, Беларус Республикасынын аймагында эркин жашап, ал аз келгенсип оор кылмыш жасап жаткандыгы боюнча Кыргыз тарабы озvнvн ото терен тынчсыздануусун билдирет.

Кыргыз тарабы, Беларус Республикасынын мындай позициясы эки олконvн ортосундагы достук жана союздаштык мамилелеринин мазмунуна таптакыр жооп бербейт деп эсептейт. Ошондой эле, жакында эле "нормандиялык торттvн" кезектеги саммити откон "дvйнолvк ишенимдин аймагы" ролуна талапкер болуп жаткан Беларус Республикасы тvздон-тvз кылмышкерлерди жана кылмыш элементтерин жаап-жашыруу жолун тандагандыгына окvнvчvн билдирет.

Кыргызстан, эл аралык милдеттерге ылайык, жогоруда аталган кылмышкерлерди кармоо жана экстрадициялоо боюнча конкреттvv жана жыйынтыктуу чараларды корvvто Беларус тарабын кайрадан чакырып кетет.